Кыргыз Республикасынын
Судьялар кеңешинин
2022-жылдын 01-апрелиндеги
чечими менен бекитилген

# Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясы жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор
2. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясын түзүүнүн, ыйгарым укуктарынын жана ишинин тартиби
3. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясы бюджетти каржылоо, түзүү жана аткаруу маселелерин карап чыгышынын тартиби
4. Бюджеттик комиссиянын жыйналышын өткөрүүнү уюштуруу
5. Корутунду жоболор

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясы жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Регламентине ылайык кабыл алынды.

1.2. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясы Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин (мындан ары – Судьялар кеңеши) туруктуу иштеген жумушчу органы болуп саналат. Өз ишинде Бюджеттик комиссия комиссиянын төрагасынын түздөн түз жетекчилиги астында Судьялар кеңешинин башка комиссиялары менен өз ара аракеттенет.

1.3. Комиссиянын иши «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Судьялар кеңешинин Регламенти жана ушул Жобо менен жөнгө салынат жана камсыз кылынат.

## 2. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясын түзүүнүн, ыйгарым укуктарынын жана ишинин тартиби

2.1 Бюджеттик комиссия Судьялар кеңешинин 3 (үч) мүчөсүнөн турган, Судьялар кеңешинин туруктуу иштеген жумушчу органы болуп саналат.

2.2 Бюджеттик комиссиянын төрагасы Судьялар кеңешинин төрагасынын сунушу боюнча Судьялар кеңешинин мүчөлөрүнүн ичинен Судьялар кеңешинин биринчи жыйналышында 1 жылдык мөөнөткө шайланат жана кайра шайланышы мүмкүн.

2.3 Бюджеттик комиссиянын төрагасын жана комиссиянын мүчөлөрүн шайлоо тартиби Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Регламентинде каралган эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

2.4 Бюджеттик комиссиянын мүчөсү чыгып калган учурда комиссиянын жаңы мүчөсү комиссиянын чыгып калган мүчөсүнүн ыйгарым укуктарынын калган мөөнөтүнө

Судьялар кеңешинин жыйналышында шайланат.

2.5 Комиссиянын төрагасы жок болгон учурда милдеттерди анын тапшырмасы боюнча же Судьялар кеңешинин төрагасынын тапшырмасы боюнча Бюджеттик комиссиянын мүчөлөрүнүн бири аткарат.

2.6 Зарылчылык болгон учурда, Судьялар кеңешинин төрагасы Бюджеттик комиссиянын иши үчүн Судьялар кеңешинин башка мүчөлөрүн, башка судьяларды, башка ведомстволордун жетекчилиги менен макулдашуу боюнча бул ведомстволордун адистерин тартууга укуктуу.

2.7 Бюджеттик комиссия өз ишинде Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине отчет берет.

2.8 Сот системасынын бюджетин түзүү жана аткаруу маселелери боюнча сунуштарды иликтейт жана Судьялар кеңешине корутунду киргизет.

2.9 Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотун (мындан ары – Жогорку сот), жергиликтүү сотторду, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот департаментин (мындан ары – Сот департаменти), Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот адилеттигинин жогорку мектебин (мындан ары – Сот адилеттигинин жогорку мектеби) финансылоого тиешелүү бөлүгүндө Судьялар кеңеши карап чыгышы үчүн кезектеги финансылык жылга бюджеттердин долбоорлорун жана кийинки финансылык жылдарга болжолду иликтейт жана корутундуларды киргизет.

2.10 Сот системасынын бюджетин түзүү жана аткаруу процессин өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгат, жакынкы келечекке бюджетти түзүү жана аткаруу маселелери боюнча талдоо маалыматтарын иштеп чыгууну жана болжолду иштеп чыгууну жүзөгө ашырат жана Судьялар кеңешине корутундуларды киргизет.

2.11 Судьялар кеңешинин жыйналышынын күн тартибине киргизүү үчүн маселелерди сунуш кылат.

2.12 Конституциялык соттун, Жогорку соттун, жергиликтүү соттордун, Сот департаментинин, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин материалдык-техникалык, финансылык жана башка камсыз кылуунун маселелерин алдын ала карайт жана Судьялар кеңешинин кароосуна киргизет.

2.13 Конституциялык соттун, Жогорку соттун, жергиликтүү соттордун, Сот департаментинин, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин аппаратынын түзүмдөрүн жана кызматкерлеринин штаттык санынын чегин өзгөртүү маселелери боюнча Судьялар кеңеши карап чыгышы үчүн сунуштарды иликтейт жана киргизет.

2.14 Судьяларга, соттордун аппараттарынын кызматкерлерине, Сот департаментинин, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерине эмгек акы төлөө, аларды материалдык жана социалдык камсыз кылуу шарттарына тиешелүү маселелерди алдын ала карайт жана муктаж болгон судьяларга кызматтык турак жайды берүү, аларга турак жайды ижаралоо менен байланышкан чыгымдарга компенсацияны төлөө жөнүндө корутундуларды Судьялар кеңешинин кароосуна киргизет.

2.15 Сот департаментинин иши жөнүндө ар жылдагы отчетторду жана Сот департаментинин сот системасынын бюджетин аткаруу боюнча отчетторун алдын ала карайт, Судьялар кеңешинин кароосуна киргизет.

2.16 Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окутуучу курамына эмгек акы төлөөнүн нормативдерин алдын ала карайт жана Судьялар кеңешинин кароосуна киргизет.

2.17 Судьяларга, соттордун аппараттарынын кызматкерлерине, Сот

департаментинин жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерине эмгек акы төлөө, материалдык, социалдык камсыз кылуу шарттарын жакшыртуу жөнүндө сунуштар менен Судьялар кеңеши аркылуу мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылууну киргизүүгө укуктуу.

2.18 Бюджетти түзүү жана аткаруу маселелери боюнча Судьялар кеңеши аркылуу мамлекеттик органдардан, соттордон зарыл маалыматтарды жана документтерди суратууга укуктуу.

2.19 Бюджетти түзүү жана аткаруу маселелерин кароо учурунда комиссиянын жыйналыштарына мамлекеттик органдардын, Конституциялык соттун, Жогорку соттун өкүлдөрүн, Сот департаментинин жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорлорун чакырууга укуктуу.

2.20 Сот департаментинин директорун жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорун кызматтан бошотуу жөнүндө сунушту Судьялар кеңешине киргизүүгө укуктуу.

2.21 Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Регламентинде жана ушул Жободо каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга укуктуу.

## 3. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясы бюджетти каржылоо, түзүү жана аткаруу маселелерин карап чыгышынын тартиби

3.1 Бюджеттик комиссия чечимди ачык добуш берүү аркылуу, көпчүлүк добуш менен, корутунду түрүндө коллегиялуу кабыл алат.

Бюджеттик комиссиянын жыйналыштары комиссия мүчөлөрүнүн пикирин жана добуш берүүнүн натыйжаларын белгилөөгө мүмкүндүк бере турган маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен өткөрүлүшү мүмкүн.

3.2 Бюджеттик комиссиянын жыйналышы зарылчылыкка жараша өткөрүлөт.

3.3 Конституциялык соттун, Жогорку соттун, Сот департаментинин жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин бюджеттеринин долбоорлорун кароо жана изилдөө боюнча Бюджеттик комиссиянын жыйналышы Конституциялык соттун, Жогорку соттун төрагаларынын же болбосо алар ыйгарым укук берген адамдардын, ошондой эле Сот департаментинин жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорлорунун катышуусу менен өткөрүлөт.

3.4 Бюджеттик комиссиянын мүчөсү комиссиянын жыйналыштарына жана иш-чараларына катышкан мезгилге эмгек акысын жана башка төлөмдөрдү сактоо менен өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруудан бошотулат.

## 4. Бюджеттик комиссиянын жыйналыштарын өткөрүүнү уюштуруу

4.1 Бюджеттик комиссиянын төрагасы:

- комиссиянын ишин уюштурат, комиссиянын ишине жалпы жетекчилик кылат;
- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара мамилелерде комиссиянын атынан иш алып барат;
- жыйналыштарды чакырат, комиссиянын жыйналыштарында кароо үчүн киргизилүүчү маселелерди аныктайт;
- кароого келип түшкөн материалдарды Бюджеттик комиссиянын мүчөлөрүнүн

ортосунда бөлүштүрөт;

- Бюджеттик комиссиянын корутундусун Судьялар кеңешинин жыйналышына кароо жана бекитүү үчүн алып чыгат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Регламентинде жана ушул Жободо каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

4.2 Бюджеттик комиссиянын мүчөлөрү:

- Бюджеттик комиссияга келип түшкөн документтерди жана материалдарды изилдейт, ошондой эле алар боюнча сунуштардын долбоорлорун даярдайт;

- бюджеттик комиссиянын төрагасынын тапшырмасы боюнча Бюджеттик комиссиянын кабыл алынган сунуштары жөнүндө Судьялар кеңешинин жыйналышында баяндама жасайт;

- каралып жаткан маселелер боюнча Бюджеттик комиссиянын жана Судьялар кеңешинин жыйналыштарында сунуштарды киргизет;

- бюджеттик комиссия кабыл алган сунуштарга кол коет;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Судьялар кеңешинин Регламентинде жана ушул Жободо каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

4.3 Төраганын тапшырмасы боюнча Бюджеттик комиссиянын жыйналышын катчы уюштурат.

4.4 Комиссиянын катчысы:

- Бюджеттик комиссиянын иш кагаздарын жүргүзүүнү уюштурат;

- Бюджеттик комиссиянын жыйналыштарын даярдоону камсыз кылат;

- Бюджеттик комиссиянын мүчөлөрүнө жана арыз ээлерине Бюджеттик комиссиянын жыйналышын өткөрүү датасы, убактысы жана орду жөнүндө кабарлайт;

- Бюджеттик комиссиянын жыйналышынын протоколун жүргүзөт жана ага кол коет;

- чечимдердин көчүрмөлөрүн кызыкдар жактарга жөнөтүүнү камсыз кылат;

- Бюджеттик комиссиянын төрагасынын буйругу боюнча башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## 5. Корутунду жоболор

Бюджеттик комиссиянын ишин уюштуруу, материалдык-техникалык, талдоо жана маалыматтык камсыз кылууну Сот департаменти жүзөгө ашырат.

Судьялар кеңешинин Бюджеттик комиссиясы жөнүндө Жобо Судьялар кеңешинин жыйналышында бекитилет.

Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Судьялар кеңешинин Регламентинде белгиленген тартипте Судьялар кеңеши тарабынан киргизилет.

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши / Совет судей Кыргызской Республики

Утверждено
Решением Совета судей
Кыргызской Республики от
01 апреля 2022г.

# ПОЛОЖЕНИЕ
## О Бюджетной комиссии Совета судей Кыргызской Республики

**1. Общие положения**
**2. Порядок формирования, полномочия и деятельности Бюджетной комиссии Совета судей Кыргызской Республики**
**3. Порядок рассмотрения Бюджетной комиссией Совета судей Кыргызской Республики вопросов финансирования, формирования и исполнения бюджета.**
**4. Организация проведения заседания Бюджетной комиссии Совета судей Кыргызской Республики**
**5. Заключительное положение**

## 1.Общие положения

1.1. Настоящее Положение о Бюджетной комиссии Совета судей Кыргызской Республики (далее – Положение) принято в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, конституционным Законом Кыргызской Республики «О статусе судей Кыргызской Республики», Законом Кыргызской Республики «Об органах судейского самоуправления», Регламентом Совета судей Кыргызской Республики.

1.2. Бюджетная комиссия Совета судей Кыргызской Республики (далее – Бюджетная комиссия) является постоянно действующим рабочим органом Совета судей Кыргызской Республики (далее — Совет судей). В своей деятельности Бюджетная комиссия взаимодействует с другими комиссиями Совета судей, под непосредственным руководством председателя комиссии.

1.3. Работа комиссии регулируется и обеспечивается Законом Кыргызской Республики «Об органах судейского самоуправления», Регламентом Совета судей и настоящим положением.

## 2.Порядок формирования, полномочия и деятельности Бюджетной комиссии Совета судей Кыргызской Республики

2.1 Бюджетная комиссия является постоянно действующим рабочим органом Совета судей состоящим из 3 (трех) членов Совета судей.

2.2 Председатель Бюджетной комиссии избирается по предложению председателя Совета судей из числа членов Совета судей на первом заседании Совета судей на срок 1 год и может быть избран повторно.

2.3 Порядок избрания председателя Бюджетной комиссии и членов комиссии проводится по правилам, предусмотренным Регламентом Совета судей Кыргызской Республики.

2.4 В случае выбытия члена Бюджетной комиссии, новый член комиссии избирается на заседании Совета судей на оставшийся срок полномочий выбывшего члена комиссии.

2.5 В случае отсутствия председателя комиссии обязанности по его поручению или по поручению председателя Совета судей исполняет один из членов Бюджетной комиссии.

2.6 В случае необходимости, председатель Совета судей вправе привлекать для работы Бюджетной комиссии других членов Совета судей, других судей, специалистов других ведомств по согласованию с руководителями этих ведомств.

2.7 Бюджетная комиссия в своей деятельности подотчетна Совету судей Кыргызской Республики.

2.8 Изучает и готовит заключения в Совет судей по вопросам формирования и исполнения бюджета судебной системы.

2.9 Изучает, готовит заключения для рассмотрения Совета судей на проекты бюджетов на очередной финансовый год и прогноз на последующие финансовые годы в части, касающейся финансирования Конституционного суда Кыргызской Республики, Верховного суда Кыргызской Республики (далее Верховный суд), местных судов, Судебного департамента при Верховном суде Кыргызской Республики (далее – Судебный департамент), Высшей школы правосудия при Верховном суде Кыргызской Республики (далее – Высшая школа правосудия).

2.10 Разрабатывает рекомендации по совершенствованию процесса формирования и исполнения бюджета судебной системы, осуществляет разработку аналитических данных и выработку прогноза по вопросам формирования и исполнения бюджета на ближайшую перспективу и вносит заключения в Совет судей;

2.11 Предлагает вопросы для внесения в повестку заседания Совет судей;

2.12 Предварительно рассматривает вопросы материально-технического, финансового и иного обеспечения деятельности Конституционного суда, Верховного суда, местных судов, Судебного департамента, Высшей школы правосудия и вносит на рассмотрение Совета судей;

2.13 Изучает, готовит заключения для рассмотрения Совета судей по вопросам изменения структур и предельной штатной численности работников аппарата Конституционного суда, Верховного суда, местных судов, Судебного департамента, Высшей школы правосудия;

2.14 Предварительно рассматривает вопросы, касающиеся условий оплаты труда, материального и социального обеспечения судей, работников аппаратов судов, сотрудников Судебного департамента, Высшей школы правосудия и вносит заключения о предоставлении нуждающимся судьям служебного жилья, выплаты им компенсации затрат, связанных с арендой жилья и выносит на рассмотрение Совета судей;

2.15 Предварительно рассматривает ежегодные отчеты о деятельности Судебного департамента и отчеты Судебного департамента по исполнению бюджета судебной системы, выносит на рассмотрение Совета судей;

2.16 Предварительно рассматривает нормативы оплаты труда преподавательского состава Высшей школы правосудия и вносит заключения в Совет судей;

2.17 Вправе вносить обращение через Совет судей к государственным органам и органам местного самоуправления с предложениями об улучшении условий труда, материального, социального обеспечения судей, работников аппаратов судов, сотрудников Судебного департамента и Высшей школы правосудия;

2.18 Вправе запрашивать по вопросам формирования и исполнения бюджета через Совет судей у государственных органов, судов необходимые сведения и документы;

2.19 Вправе приглашать на заседания комиссии при рассмотрении вопросов формирования и исполнения бюджета представителей государственных органов, Конституционного суда, Верховного суда, директоров Судебного департамента и Высшей школы правосудия;

2.20 Вправе вносить Совету судей предложения об освобождении от должности директора Судебного департамента и директора Высшей школы правосудия;

2.21 Вправе осуществлять иные полномочия, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики, Регламентом Совета судей Кыргызской Республики и настоящим Положением.

**3.Порядок рассмотрения Бюджетной комиссией Совета судей Кыргызской Республики вопросов финансирования, формирования и исполнения бюджета.**

3.1 Бюджетная комиссия принимает решение коллегиально путем открытого голосования, большинством голосов, в виде заключения.

Заседания Бюджетной комиссии могут проводиться с применением информационно-коммуникационных технологий, позволяющих фиксировать мнение членов комиссии и результатов голосования.

3.2 Заседание Бюджетной комиссии проводится по мере необходимости.

3.3 Заседания Бюджетной комиссии по рассмотрению и изучению проектов бюджетов Конституционного суда, Верховного суда, Судебного департамента и Высшей школы правосудия проводятся с участием председателей Конституционного суда, Верховного суда либо уполномоченных ими лиц, а также директоров Судебного департамента и Высшей школы правосудия.

3.4 Член Бюджетной комиссии на период участия в заседаниях и мероприятиях комиссии освобождается от выполнения своих служебных обязанностей с сохранением заработной платы и иных выплат.

**4.Организация проведения заседания Бюджетной комиссии Совета судей Кыргызской Республики**

4.1 Председатель Бюджетной комиссии:

организует работу комиссии, осуществляет общее руководство деятельностью комиссии;

- представляет комиссию во взаимоотношениях с государственными органами, органами местного самоуправления и иными организациями;
- созывает заседания, определяет вопросы, выносимые для рассмотрения на заседаниях комиссии;
- Распределяет между членами Бюджетной комиссии, поступившие на рассмотрение материалы;
- представляет на заседаниях Совета судей заключения Бюджетной комиссии для рассмотрения и утверждения;
- осуществляет иные полномочия, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики, Регламентом Совета судей Кыргызской Республики и настоящим Положением.

4.2 Члены Бюджетной комиссии:

- изучают поступившие в Бюджетную комиссию документы и материалы, а также готовят проекты заключений по ним;
- по поручению председателя Бюджетной комиссии докладывают о принятых заключениях Бюджетной комиссии на заседании Совета судей;
- вносят предложения по рассматриваемым вопросам на заседаниях Бюджетной комиссии и Совета судей;
- подписывают заключения Бюджетной комиссии;
- осуществляют иные полномочия, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики, Регламентом Совета судей и настоящим Положением.

4.3 По поручению председателя Бюджетное заседание комиссии организует секретарь;

4.4 Секретарь комиссии:

- организует делопроизводство в Бюджетной комиссии;
- обеспечивает подготовку заседания Бюджетной комиссии;

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши Совет судей Кыргызской Республики

- извещает членов Бюджетной комиссии и заявителей о дате, времени и месте проведения заседания Бюджетной комиссии;
- ведет и подписывает протокол заседания Бюджетной комиссии;
- обеспечивает рассылку копий решений заинтересованным лицам;
- осуществляет иные полномочия по распоряжению председателя Бюджетной комиссии.

**5. Заключительное положение**

Организационное, материальное-техническое, аналитическое и информационное обеспечение деятельности Бюджетной комиссии осуществляет Судебный департамент.

Положение о Бюджетной комиссии Совета судей утверждается на заседании Совета судей.

Изменения и дополнения в настоящее Положение вносятся Советом судей в порядке, установленном Регламентом Совета судей.

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши Совет судей Кыргызской Республики